**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
отурумунда
Протокол № 2
«29» 10 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору
Чыныбаев М.К.
Буйрук № 1/250
«__» 11 2025-ж.

# И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Бишкек, 2025**

## ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА верс. №** | **Өзгөртүү киргизилген же кошумчаланган бөлүм/пункт же абзацтын номери (бетин көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин прот. № жана датасы** |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №___ ________.20___ж. |
| 2 | КМТУнун жаңы уюштуруучулук-башкаруу түзүмүнө ылайык мазмуну жаңыртылды | Протокол № 4 28.12.2022 ж. |
| 3 | 1 - бөлүмдө Билим берүү жана илим министрлиги – Илим, жогорку билим жана инновациялар министрилиги болуп өзгөртүлдү.<br>5 - бөлүм, 5 – бетте ОМК отурумунун өткөрүү мезгилдүүлүгү өзгөртүлдү. | Протокол № 2 29.10.2025 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И. Раззаков атындагы КМТУнун Окуу-методикалык кеңеши (мындан ары – ОМК) – бул университеттин окуу-методикалык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө, билим берүү процессинин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатууга багытталган, дайыма иштеп турган кеңеш берүүчү орган.

1.2. КТМУнун ОМКсы өз ишмердүүлүгүндө КР "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын, КР Президентинин көрсөтмөлөрүн, КР Өкмөтүнүн токтомдорун, КР Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлигинин ченемдик актыларын, Жогорку кесиптик билим берүү мекемеси жөнүндө типтүү жобону, И. Раззаков атындагы КМТУнун Уставын, ректордун буйруктарын, КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин, ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.3. КМТУнун ОМКсы ректор тарабынан түзүлүп, кайра уюштурулат жана жоюлат.

## 2. ОМКнын негизги максаттары

2.1. КМТУнун окуу-методикалык ишмердүүлүгүнүн стратегиясын, артыкчылыктуу багыттарын аныктоо жана координациялоо.

2.2. КМТУда ишке ашырылып жаткан даярдоо багыттары (профилдери) боюнча ЖКББ МББС, окуу-методикалык кеңештин (базалык ЖОЖдун) сунуштарына, КР билим берүү системасын өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелерине, лицензиялык ченемдерге жана аккредитациялык көрсөткүчтөргө ылайык окуу процессин окуу-методикалык документтер менен камсыз кылуу.

## 3. ОМКнын негизги милдеттери

3.1. *Илимий-методикалык:*

• билим берүү чөйрөсүндөгү заманбап процесстерди, эмгек рыногунун абалын жана жумуш берүүчүлөрдүн талаптарын талдоону эске алуу менен КМТУнун окуу-методикалык ишмердүүлүгүнүн милдеттерин тактоо боюнча сунуштарды даярдоо;

• билим берүү процессин өркүндөтүүнүн стратегиялык багыттарын иштеп чыгуу үчүн зарыл болгон окуу процессин уюштуруунун жана технологияларынын жаңы формаларын, каражаттарын издөө;

• Окумуштуулар кеңешинде монографияларды кароого жана бекитүүгө даярдоо, илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын окуу процессине киргизүүгө жана андан ары өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

3.2. *Окуу-методикалык:*

• окуу процессин методикалык, маалыматтык жана уюштуруу жагынан камсыздоону өркүндөтүү, алдыңкы билим берүү технологияларын, окутуунун жаңы формаларын жана ыкмаларын киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

• Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандартына, даярдоо багыттары боюнча базалык ЖОЖдун окуу-методикалык бирикмесинин сунуштарына ылайык окуу-методикалык материалдарды (анын ичинде сабактардын окуу-методикалык комплекстерин, силлабустарды, жумушчу программаларды ж.б.) түзүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

3.3. *Уюштуруу-координациялоочу:*

• институттарда, жогорку мектептерде, филиалдарда, орто кесиптик билим берүү мекемелеринде окуу-методикалык комиссияларынын иштерин уюштуруу;

• КТМУнун педагогикалык курамынын (ПК) окуу-методикалык ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

• окуу-методикалык ишмердүүлүк жаатында педагогикалык курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча сунуштарды даярдоо;

• окуу-методикалык ишмердүүлүк жаатында семинарларды, конференцияларды, тегерек столдорду, конкурстарды уюштуруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

• КМТУнун ПК жана кызматкерлеринин алдыңкы методикалык тажрыйбаларын жайылтуу.

3.4. *Эксперттик-методикалык:*

• педагогикалык курам тарабынан даярдалган окуу-методикалык иштеп чыгуулардын сапатына эксперттик баа берүү маселелерин чечүү, анын ичинде окуу басылмаларына Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин грифин ыйгарууга сунуштоо.

• электрондук окуу-методикалык материалдарды басып чыгаруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана даярдоо;

• окуу-методикалык адабияттарды басып чыгаруунун жылдык планын даярдоо.

## 4. Түзүмү

4.1. КМТУнун Окуу-методикалык кеңешинин ишин төрага, ал жок болгон учурда төраганын орун басары жүргүзөт. Окуу-методикалык кеңештин төрагасы академиялык иштери боюнча проректор болуп саналат. Ал Окуу-методикалык кеңештин төрагасынын орун басарын жана кеңештин катчысын дайындайт.

4.2. КМТУнун ОМК курамына институттардын/жогорку мектептердин окуу-методикалык комиссияларынын төрагалары (түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери), орто кесиптик билим берүү мекемелеринин жетекчилери, Окуу башкармалыгынын башчысы, илимий-техникалык китепкананын директору, билим берүүнүн сапаты департаментинин директору кирет. ОМКнын персоналдык түзүмү ректордун буйругу менен бекитилет.

4.3. КМТУнун ОМКсынын жумушчу органдары болуп КМТУдагы окуу-методикалык процессти камсыз кылуу боюнча учурдагы ишмердүүлүктүн багыттарын чечүү үчүн түзүлгөн институттардын/жогорку мектептердин, филиалдардын окуу-методикалык комиссиялары саналат.

4.4. Институттардын/жогорку мектептердин окуу-методикалык комиссиялары структуралык түзүмдүн бардык кафедраларынын өкүлдөрүнөн түзүлөт жана жыл сайын түзүлгөн иш планына ылайык иштейт. Институттардын/жогорку мектептердин окуу-методикалык комиссияларынын иши КМТУнун Окуу-методикалык кеңешинин жыйындарында төрагалардын отчеттору аркылуу көзөмөлдөнөт.

## 5. Ишти уюштуруу

5.1. ОМК окуу жылынын башында өзүнүн биринчи жыйынында кабыл алынган жылдык планына ылайык иштейт. Жылдык план билим берүүнүн сапатынын концепциясынын негизинде түзүлөт жана Окуу-усулдук бирикме (ОУБ) менен КМТУнун Окуу башкармалыгынын иш планы менен макулдашылат.

5.2. ОМК отурумунун өткөрүү мезгилдүүлүгү - ай сайын айдын үчүнчү жумасында.

5.3. ОМКнын жыйыны, эгерде ага жалпы мүчөлөрдүн санынын 2/3 кем эмес катышса, ыйгарым укуктуу болуп саналат.

5.4. ОМК чечимдери катышкан мүчөлөрдүн добуш берүүсү менен кабыл алынат жана протокол менен таризделет. Эгерде ага катышкандардын жарымынан кем эмеси добуш берсе, чечим кабыл алынды деп эсептелет.

## 6. Отчеттуулук

6.1.Окуу-методикалык кеңештин төрагасы ректордук кеңештин жыйынында ОМКнын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымдайт. ОМКнын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы окуу жылынын аягында чыгарылат. Жылдын жыйынтыгы боюнча иштин отчету ОМКнын жыйынында бекитилип, КМТУнун ректоруна берилет.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы Исраилов А.Ж.